# КАРАЖАН

Карагат көздү Каражан,
Кадырың эстеп самасам.
Ичимдик ичип алгансып,
Ичимде кайнайт арашан.
Аа иий Каражан,
Ээ иий Каражан.
Ичимде кайнайт арашан.
Кумар бир көздүү Каражан,
Куйкалайт ичти карасам.
Кумар бир көздүн айынан,
Кусадар болуп баратам.
Аа иий Каражан.
Ээ иий Каражан.
Кусадар болуп баратам.
Түшүнсөң сырым Каражан,
Түшүмдө сага жанашам.
Турмушка бирге аттанган,
Түбөлүк болчу Каражан.
Аа иий Каражан,
Ээ иий Каражан.
Түбөлүк болчу садагам.
Түбөлүк болчу Каражан.